**2022-2023-жылындагы №4 Иманберди уулу Иса атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин 9ᵇ-классынын ата-энелер чогулушунун**

**ПРОТОКОЛУ №2**

Жалпы саны-18 25-ноябрь 2022-жыл.
Катышканы-13 Казарман айылы.
Катышпаганы-65

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. 1-чейректин жыйынтыгы боюнча жалпы маалымат берүү.
2. Кылмыштуулуктун жана суициддин алдын алуу боюнча.
3. Окуучулардын тазалыгы жана тартиби боюнча.

**§1 Угулду**. Биринчи маселе боюнча класс жетекчи Асейин кызы Санирабийга сөз сүйлөдү: 1-чейректин жыйынтыгында 9ᵇ-класста бардыгы 18 окуучу. Алардын ичинен 2 окуучу “эң жакшы” деген баа менен, 4 окуучу “жакшы” деген баа мененбүтүштү. “Эң жакшы”деген баага окуган Отунчиева Эльнура. Рыскулов Эрназар. “Жакшы” деген баа менен окуган окуучулар Аскарова Сауле, Асанкулов Кутман, Акматбекова Уулболсун, Өзгөрүшова Гүлназ болушту. Билим сапаты 34% түздү. Калган окуучулар аралаш баага окуду.Өздөштүрүү 100% түздү. Класста себепсиз калган окуучулар бар. Кээ бир окуучулар сабакка кечигип келип жатышат. Сабактан себепсиз калтырбаңыздар. Сабактарына келип катышыңыздар. Ар бир ата-эне балдардын сабакка келүүсүн көзөмөлгө алыңыздар, формаларын караңыздар, сабактарына үйдөн жардам бериңиздер.

**Чыгып сүйлөгөндөр:**

Абылкасымова Нарынкүл: Менин уулум көп сабактарынан “3” деген баага окуп атыптыр. Үйдөн көзөмөл кылып, сабактарына жардам берем.

Алымбекова Рахатбү: Сиздин ишиңизге ийгилик каалайбыз. Окуучуларга мындан ары да жакшы тарбия берет деген ишеничтебиз. Менин кызым Сауле эки сабактан отличникке жетпей калыптыр. 2-чейректе үйдөн көзөмөлдөп сабактарына жардам берем.

**§2 Угулду.** Экинч**и** маселе болгон кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча кандай иш чаралар түзүлгөнүн жана бүгүнкү күндө кандай иштер болуп жаткандыгы туралуу маалымат бере кетсем. Жыл башында бир жылга карата иш план бекитилген, бекитилген план боюнча класста ар бир айда бирден тарбия сааттар өтүлуп турат. Сентябрь айында “Кылмыштуулук деген эмне?” деген темада кылмыштуулуктун алдын алуу максатында тарбия сабак болду. Бул сабакта окуучулар өздөрүнө керектүү маалыматтарды алышты. Кылмышка барбай, адептүү болууга, ар-намыстуу болууга тарбияланышты. Азыркы учурда балдардын суицидге барып жаткан учурлары катталып ата. Ошондуктан балдарга өтө этияттык менен мамиле кылыңыздар.

**Чыгып сүйлөгөндөр:**

Турдумамытов Максат: Ооба чыныда эле биз ата-энелер балдарыбыздын сабактарга катышып атканын көзөмөлгө алган жокпуз. Анан чейрегинен начар баа чыгып калса урушуп калабыз. Ушундай мамиле кылсак, балдар өзүлөрүн суицидге түртүп жатышпайбы. Балдарыбыздын сабактарына көзөмөл кылып, үстүртөн байкоо жүргүзүп турушубуз керек. Түшүнбөгөн жерлерин түшүндүргөнгө аракет жасашыбыз керек.

**§3 Угулду.** Урматтуу ата-энелер окуучуларды көзөмөлгө алыңыздар сабакка таза жибериңиздер. Кечки саат 21-00дон кийин бейчеке эшикке чыгарбасаңыздар, азыр кырсык каш-кабактын ортосунда дейт эмеспи ошол себептен колдон келче үйдө отурушса өздөрүнө да сиздергеда жакшы болот деген ойдомун.

**Чыгып сүйлөгөндөр:**

Кармышова Дуруя: Туура айтасың ар бир ата-эне балабызды көзөмөлгө алалы. Келишимде бекитилгендерге  каршы келген иштерге барышпасын.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап чогулуш

Т О К Т О М К Ы Л А Т :

1. 1-чейректин сабактарынан жетише албаган Рыскулов Нурислам, Байышбеков Ариетке көзөмөл кылуу жагы ата-энелерине тапшырылсын.
2. Кылмыштуулуктун алдын алуу максатында ата-энелер менен түзүлгөн келишимдин негизинде иш алып баруу жагы ата-энелер менен класс жетекчинин жоопкерчилигине калтырылсын.
3. Балдарды сабакка таза тыкан келтирүү көзөмөлү ар бир ата-энеге милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышы өз көзөмөлүмдө калтырылсын.

Чогулуштун башчысы: Асейин кызы санирабийга.

Чогулуштун катчысы: Алманбетова Эстерика.